Байлык Финанс

**Бүткүл Дүйнөлүк Акча жумалыгынын алкагында өткөрүлүүчү «Каржылык сабаттуулук балдардын көздөрү менен» сынагы тууралуу Жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Сынакты (мындан ары- Сынак) уюштуруунун жана аны өткөрүүнүн тартибин, Сынакка катышуунун жана Сынактын жеңүүчүлөрүн аныктоонун тартибин бекитет.

1.2. Сынактын уюштуруучулары болуп төмөндөгүлөр саналат: «Байлык Финанс Микрокредиттик Компаниясы ( «Байлык Финанс» МККсы) , «Мен Кыргызстанды сүйөм» Жаштар Кыймылы («Мен Кыргызстанды сүйөм» ЖК), жана «Жетиген» Эл аралык лагери («Жетиген» ЭАЛ).

1.3. Сынактын максаттары:
Иш чаранын негизги максаты- өсүп келе жаткан муундун өз каржыларын башкаруу боюнча көндүмдөрүн калыптандыруу, этияттык менен керектөөнүн зарылдыгын түшүнүү, каржылык маданияттын жана сабаттуулуктун деңгээлин жогорулатуу.

1.4. Сынактын маселелери:
- Каржылык сабаттуулуктун деңгээлин жогорулатууга жаш балдарды жана өспүрүмдөрдү тартуу;
- Ошондой эле алардын чыгармачылык менен өзүн көрсөтө билүүсүнө жана инсандык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү.

1.5. Сынактын катышуучулары:
Сынакка жалпы Кыргызстандын мектепке чейинки жана мектеп жашындагы жалпы билим берүүчү мекемелеринин, ошондой эле жетимдер үйүнүн окуучулары катыша алышат.

1.6. Сынакка катышуу акысыз жана ыктыярдуу түрдө болот.

1.7. Сынактын тили Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана расмий тилдери- кыргыз же орус тили болуп саналат.

1.8. Сынактын уюштуруучулары Сынактын материалдарын коммерциялык эмес максаттарда пайдалануу (Сынакты жарнамалоо максатында методикалык жана маалыматтык басылмаларда, массалык маалымат каражаттарында, билим берүү максатында фото-видео материалдарды пайдалануу) укугун өзүнө калтырат. Сынактын катышуучулары Сынактын уюштуруучуларынын тандоосу менен өз иштерин же анын үзүндүлөрүн каалагандай жол менен жана каалаган маалымат ташыгычта сөзсүз түрдө авторлукту көрсөтүү менен акысыз жарыялоого макулдугун беришет.

## 2. Сынакты өткөрүүнүн мөөнөттөрү

Иштерди кабыл алуу: 16.03.2022 - 04.01.2022
Калыстар тарабынан ар бир номинация боюнча үч ишти коомдук добушка коюу үчүн тандоо: 01.04.2022 - 03.04.2022

Мыкты иштерге @campjetigen Instagram баракчасында добуш берүү: 04.03.2022 - 04.06.2022 (19.00)
Ар бир номинацияда бирден жеңүүчүнү жарыялоо: 04.06.2022
Баалуу сыйлыктарды тапшыруу "Байлык Финанс " МККнын кеңсесинде өткөрүлөт.

## 3. Сынактын тематикалык багыттары жана сынактык иштердин форматы

3.1. Сынактын жалпы тематикасы “Каржылык сабаттуулук балдардын көздөрү менен”.

3.2. Катышуучулар Сынактык иштердин аныктемасын жана форматын куррактык тайпасына ылайык тандашат:

| **5-7 жаш** | **8-11 жаш** | **12-17 жаш** |
|---|---|---|
| Тема:«Акча деген эмне?» | Тема:«Кыял үчүн каражатты кантип топтоо керек?» | Тема:«Менин келечектеги бизнесим» |
| Формат: Сүрөт | Формат : Сүрөт | Формат: Дилбаян |

## 4. Иштерге коюлуучу талаптар:

4.1. Дилбаянга коюлуучу талаптар:

- Дилбаяндын Сынактын тематикалык багытына ылайыктуулугу;
- Тема боюнча теориялык жана фактылык материалга ээ болуусу;
- Автордук тексттин тууралыгы;
- Өзгөчөлүү текстти уюштуруу көндүмү, баяндоосунун ирээттүүлүгү, жазуу маданияты;
- Сабаттуулугу;
- Дилбаян жетиштүү көлөмдөгү жыйынтыкталган мазмунда болушу керек (болжол менен 1000 сөздөн 1500 сөзгө чейин, MS Word (*.doc) же (*.docx) форматында; кагаз форматыА4, 12, 1.0 интервалындагы Times New Roman шрифти;
- Кол менен жазылган дилбаяндын жазуусу даана так болуп,көлөмү сызыктуу мектеп дептеринин 3 барагынан ашпашы керек,жазууга көк түстөгү шариктүү калем колдонулат;
- Ар бир баладан бир гана дилбаян кабыл алынат;
- Бардык иштердин уурдалбай аткарылгандыгы текшерилет;
- Сынактык иштер сканерден өткөрүлүп же сүрөткө сапаттуу тартылып, жазуу темасында сынактын атын сөзсүз көрсөтүү менен mdkyrgyzstan@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүлүшү керек, ал эми билдирүүнүн өзүндө катышуучунун аты-жөнүн жана курагын, ата-энелердин/камкорчулардын байланыш телефондорун көрсөтүү зарыл.

4.2. Сүрөткө коюлуучу талаптар:

- Тандалган тематика боюнча өз көз карашын чагылдыруу, көчүрүлүп тартылган иштер Сынакка катышпайт.
- Баалоо критерийлери: Сүрөттүн куракка ылайыктуулугу; автордун өзгөчө көркөм чечими; аткаруунун көркөмдүк деңгээли.

- Далилдөөчү тексттердин жана ураандардын жөндүү колдонулушу;
- Сүрөт каалагандай стилде жана техникада (май, акварель, боёк, тушь,түстүү калемдер, борлор ж.б.) жана каалаган материалда (ватман, картон, кагаз) А4/А3 форматында тартылат.
- Сүрөттү сканерден өткөрүү керек же толук түсү менен сүрөткө тартып алып, 3Мден ашык эмес көлөмүндө jpeg же pdf форматында сактап коюп, андан соң mdkyrgyzstan@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүү керек. Мыкты иштердин түп нускалары жекече суралып алынат.
- Сүрөттү тапшырып жатканда төмөнкү оң бурчта баланын толук аты-жөнүн, курагын, ата-энесинин/камкорчуларынын байланыш номерлерин көрсөтүү керек.
- Ар бир баладан бир гана сүрөт алынат.

**5. Мелдештин уюштуруучусу**

5.1. Сынакка даярданууну жана аны өткөрүүнү төмөндөгү уюштуруучулар алып барышат: «Байлык Финанс» МККсы, «Мен Кыргызстанды сүйөм» ЖК, «Жетиген» ЭАЛ.

5.2. Сынакты уюштуруучулардын функциялары:

- Сынакты тупадан-туура өткөрүүнү камсыз кылуу;
- калыстар курамын аныктоо;
- Сынактын жеңүүчүлөрүнө жана байге ээлерине сыйлык тапшыруу;
- Сынактын тапшырмаларынын материалдарын иштеп чыгуу.

**6. Калыстар тобунун функциялары жана курамы**

6.1. Калыстар тобунун курамы:

- «Байлык Финанс» МККнын операциялык директору – Мубара Жамалова,
- «Жетиген» ЭАЛ жетекчиси - Айжан Ибраимова,
- “Мен Кыргызстанды сүйөм” ЖКнын жетекчиси-Гүлзада Утурова.

6.2. Калыстар тобунун мүчөлөрү:

- ишти ага коюлган бардык талаптарды эске алуу менен текшеришет жана баалашат;
- онлайн добуш берүүлөрү үчүн ар бир номинацияга 3төн талапкерди аныкташат;
- иштери көбүрөөк санда добуш алган жеңүүчүлөрдү таап чыгышат.

**7. Белектер**

| **Байгелер:** | **5-7 жаш** | **8-11 жаш** | **12-17 жаш** |
|---|---|---|---|
| | «Акча деген эмне?» аттуу темадагы сүрөт | «Кыял үчүн каражатты кантип топтоо керек?» аттуу темадагы сүрөт | «Менин келечектеги бизнесим» аттуу темадагы дилбаян |
| 1-орун | Самокат | Велосипед | Mi 9 телефону |
| 2-орун | Чыгармачылык үчүн топтомо | Яндекс станция лайт | Зымсыз кулакчындар (наушниктер) |
| 3-орун | Лего стол | Портативдик блютуз колонкасы | Смарт саат |